
# Иконун биринчи досу



Автор: Агата Барахина

Сүрөтчү: Аллан Виктор Мисалуча

Которгон: Айгуль Джунушалиева

# Иконун биринчи досу

Автор: Агата Барахина
Сүрөтчү: Аллан Виктор Мисалуч
Которгон: Айгуль Джунушалиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses /by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Иконун биринчи досу" (кыргыз тилинде), Айгуль Джунушалиева тарабынан которулуп адаптацияланган. *Iko’s first friend* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Agata Barakhina жана сүрөтчүсү Allan Viktor Misalucha. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2020-жылы CC-BY-NC-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/book/ikos-first-friend?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.




Мен болгону сүйүктүү болгум келген. Адамдар дайыма менден качып турса, мен кантип өзүмдү бактылуу сезе алмакмын? Мен буга чындап капа болчумун.

Денемдин жарымы күйүп калгандыктан, тырыктар көп эле. Таз болуп, түрүм суук көрүнчү. Адамдар мени оорулуу деп, жек көргөндөй сезилчү. Мен жөн гана ойногонду жана курсагым ток болгонду каалачумун. Адамдардын сүймөнчүлүгүнө ээ болгонду каалаган тентиген бир жаныбар элем.

Күндөрдүн биринде мен өзүмө тамак издеп жүргөндө, топ балдар:

– Сен жийиркеничтүү экенсиң! Кет! – деп мага таш ыргытышты. Мен аларга көңүл бурбай, тамак издей бердим. Алар мага таш ыргытып, жаман сөздөрдү айтканды токтотпой койгондо, кетип калдым.






Мен жөн гана сүйүктүү болгум келген. Кайда барбайын, мени жаман сөздөр менен тилдеп жатса, кантип өзүмдү сүйүктүү сезмек элем?

Нан берген наабайканадагы жигитке окшоп, менин курсагымды тойгузган боорукер адамдар да болгон.

– Тамак үчүн рахмат. Сенин атың ким? – дедим мен.

– Мен Кикомун, – деди жигит. – А сенин атың ким?



Мен жооп берейин деп жаткам, бирок наабайканага барган сайын адамдар көп чогулуп жатканын байкап, кетүүнү чечтим.

Мен жигиттин: – Кош бол! – дегенин уктум.

Кико сыяктуу адамдар да, мени ар дайым кууй бергендер дагы болгон.



Бир күнү тамак издеп жүрүп, бир үйгө туш болдум. Мен тосмодон ашып түшүп, Киконун гүлдөрдү сугарып жатканын көрдүм. Мен ага жакындайын деп жатканда, анын артында ышкырып турган жыланды көрүп калдым. Ошол замат жыланга кол салдым.

Ыш-ш-ссссс.... – Кет ары! Кет ары! – деп жылан ышкырды.

– Мен Кикого зыян келтиришиңе жол бербейм! – дедим.

Кико эмне болуп жатканын көргөндө, тез эле үйгө чуркап кирип: “Ата, тезирээк кел! Биздин көк шиберде жылан!” – деп кыйкырды.

Мен жылан кыймылдабай калганда гана кеттим. Короого Кико жана анын атасы чуркап келишти. Кико мени көрсөттү. Мен атасынын колундагы күрөктү көргөндө коркуп кеттим. Ал мага зыян келтирбейби?

Бирок ал жакындап, жыланды көтөрдү да, баштыкка салды.





– Кико, сен мышыкка эмне дейсиң? – деп Киконун атасы мага жакындап келди.


Мен кетейин деп жатканда, Кико мени чакырып калды: “Рахмат!” Ал басып келип, мени кучактады.

Мен Киконун ийининде уктап калдым.

“Ико, кел ойнойлу! – деп Кико мени чакырды.

Киконун үй-бүлөсү мени багып алды. Эми алар мага тамак берип, жакшы көрүшөт. Мен дайым Кико менен ойнойм, жанында уктайм. Эми мен бактылуумун!





USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Агата Барахина
Сүрөтчү: Аллан Виктор Мисалуч
Которгон: Айгуль Джунушалиева



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли